Серия: «МАНАС» ЖАН ДҮЙНӨ БОРБОРУ

Мударис Ибралиев, Асан Жунушалиев

# Манастын күмбөзү

«Гүлчынар»—2008

КЫРГЫЗ УЛУТТУК «МАНАС ОРДО» КОМПЛЕКСИ

КООМДУК МАНАСТААНУУ АКАДЕМИЯСЫ

Мударис Ибралиев, Асан Жунушалиев

# МАНАСТЫН КҮМБӨЗҮ

*(учкай маалыматтар)*

Бишкек – 2008
«ГҮЛЧЫНАР»

УДК 398
ББК 82. 3(2Кн)
И 85

**Мударис Ибралиев, Асан Жунушалиев**
И 85 **Манастын күмбөзү.** *(Учкай маалыматтар).*
«Гүлчынар». Б. : – 2008. – 23 б.

ISBN 9967 – 42826 – 0

И 4604000000 – 08

УДК 398
ББК 82. 3(2Кн)

ISBN 9967 – 42826 – 0
© Ибралиев М., Жунушалиев А., 2008.

## ТААЗИМ КЫЛЫП МАНАСКА, ЭЛДЕР КЕЛЕТ ТАЛАСКА

*(баш сөз ордуна)*

Талас өрөөнү байыртадан бери эле баатыр Манастын ысымы менен байланыштырылып келген. Элдин уламышы боюнча Талас өрөөнүндө Манастын ордосу жайгашкан, ал эми өрөөндөгү көптөгөн жер-суулар азыркы мезгилге чейин баатырдын иш-аракети аркылуу эскерилет. Алсак, Манастын күмбөзүнүн жанындагы тоо «Манас супа» (күзөт мунарасы) деп аталат, ага күзөтчү баатырлар чыгып, элдин тынчтыгын жана бейкутчулугун сактап турган. Обо капчыгайында Манас тулпарларын жашырын кармаган, ал эми Куланкорук капчыгайында анын тандалма кулун-тайлары багылганы тууралуу айтылат. Мындан башка Манастын мамысы, Манастын желеси, Манастын дабыла ташы ж. б. бар.

Кыргыздын байыркы тарыхын изилдөөчү А. Н. Бернштам «Манас» эпосунун пайда болгон мезгилин аныктоого аракет жасаган. Анын мындай деп жазганы бар: Талас – кыргыздардын байыртадан жашаган жерлеринин бири, алардын көз карандысыздык үчүн жүргүзгөн күрөшүнүн таяныч тирегинин бири, б.з.ч. I кылымда (б.а. мындан 2000 жыл мурда) эле кыргыздар Теңир-Тоого ооп келгенде, алар туруп калган биринчи аймагы... Таласта эл эзелтен жашап келген, ал эми биздин замандын 1-миң жылдыгынын ортосунда өрөөндө калк жыш жашап, мында мал чарбасы менен катар дыйканчылык да өнүккөн. Көчмөндөр дыйкандарга канатташ туруп, алар дагы өз ордосун дубал менен курчашкан. Мисалы, Текабкеттин (Манастын күмбөзүнө жакын батыш тарапта, орто кылымдарга таандык шаар) түндүк жагында көчмөндөрдүн ошондой ордолорунун бири – Кулансайдын чалдыбары сакталган. Өрөөндө калк жыш жашап турганын мындагы байыркы көрүстөндөрдүн көптүгү далилдеп турат. Айрыкча б.з.ч. 2-миң жылдыктан берки сактар, усундар, хуннулар

ж.б. элдерге таандык коргондор Кенкол өрөөнүндө көп. Көчмөндөр негизинен Талас өрөөнүнүн көкүрөк жагында жашашкан... Чийимташ капчыгайындагы аска бетиндеги сүрөт-чиймелер, Бешташ капчыгайына жакын жана Айыртамой деген жердеги мүрзө үстүндөгү чоң таштарга чегилген жазуулар, ошо көчмөндөрдөн калган эстеликтер.

«Манас» эпосу – адам жашоо турмушундагы ар кыл мезгилде болуп өткөн окуялардын ширелишип, бир бүтүнгө биригиши. Бул эпостун катмарларынан алгачкы жамааттык – уруулук түзүлүштүн элементтерин (баатырдык эпос жаралганга чейинки уламыш, мифтер) жана алгачкы феодалдык мамилелердин көрүнүштөрүн (эпостун сюжетинен таптык жиктелүү байкалган учур) жана өнүккөн феодалдык жашоо турмуштун кайсы бир жактарын көрүүгө болот. Бардык баскычта элдин дүйнөгө көз карашы, жакшылык менен акыйкаттын жогорку идеалы чагылдырылган.

Эпостун башкы темасын чет элдик баскынчылардын жортуулуна орошон каршылык көрсөтүү үчүн жасалган кыргыз урууларынын – боштондук идеясы түзөт. Эркиндикке умтулуу, ар кыл зордук зомбулукка келишпестик, элдин кызыкчылыгын көздөө максатындагы баатырдык, кайратмандык жана айкөлдүк – мына ушул идеялык негизде кыргыздардын жоокерчилик заманынын драмалуу турмушу өрчүп-өнүгөт. «Манас» эпосу бир катар эпизоддорго бөлүнөт. Манастын төрөлүшү жана балалык чагы, куда түшүү жана баатырдын үйлөнүшү, Көкөтөй ханга аш берүү, Манастын казаттары, Көзкамандын Манаска уу бериши, Манастын керээзи жана өлүмү. Үчилтиктин экинчи бөлүгү «Семетейде» Манастын уулунун иш аракеттери: атасынын душмандарынан өч алуу, ич ара каршылашуууну жоюуга багытталган күрөшү, «Сейтекте» атасынын жана чоң атасынын адилет иштерин уланткан баатырдын небересинин эрдиктери баяндалат.

«Манас» эпосу бийик көркөм образдуулугу менен айырмаланат. Ал стилдик каражаттарга өтө бай, анда ар түркүн салыштыруулар абдан арбын, ал өзүнө элдик санат сөздөрдү, макал-лакаптарды синирген. Бул эпостон лириканын, арман-кошоктун, санат, насыят сыяктуу дидактикалык чыгармалардын мыкты үлгүлөрүн жолуктурабыз. Манас баатыр жөнүндөгү эпос кыргыздардын оозеки чы-

гармачылыгынын теңдешсиз зобологон поэтикалык чыгармасы. Ал борбордук Азиянын эң байыркы элдеринин биринин көркөм-философиялык ой жүгүртүүсүнүн мыкты жетишкендиги гана эмес, ошону менен бирге ал элдин тарыхын бир кыйла чагылдырган документ катары да кызыгууну туудурат. Талас – эпос боюнча кыргыздардын бардык жакшы ниеттеринин очогу, кайгылуу оор жылы болсун же жаркын, бакубат мезгил болсун бул жер элдин эңсеген, барктап сүймөнчүктөгөн турагы. Алсак, чет жердин баскынчылары тарабынан Алтайга сүрүлүп барган кыргыздар өз мекенин унутпайт. Манас туулуп, эр жете баштаганда анын Ата Мекенге б.а. Алатоого кайтып баруу жөнүндөгү сунушуна эл макул болот. Эли жана аскери менен Алатоону көздөй келатканда Манастын басып өткөн жолун баамдоо өзүнчө кызык. Мында реалдуу жер-суу аттары эпостун негизин түзүп айтыла берет. Мекенине келе жатып Манас калмак ханы Текес менен салгылашып, аны жеңген соң Керкөл тарапты көздөй жолун улантат. Андан кийин анын аскери Каркыра өрөөнүнө жетет да, Карасуунун боюнда өрүү алат. Манас Баласагын шаарына жетип, калмак аскер башчысы Оргону жеңип, андан кийин Акунбешимге жүрүш жасайт да, салгылашта аны өлтүрүп, анын шаары Баласагынды ээлейт. Андан ары баатыр Кокон, Анжиян тарапка жол тартат, акыры Алайга жетет. Эпостун бул бөлүгүндөгү жер-суу аттары реалдуулугу менен айырмаланат. Алайда Манаска хан Алooке өз ыктыяры менен багынып берет, ал эми маймундардын ханы Шорук салгылашка чыгып, жеңилип калат. Андан соң кыргыздар бул жерде тынч жашап бейкут турмуш сүрүүгө өтөт. Манас болсо бир жолку аң уулоосунда гүлдөгөн өрөөнгө туш болот да, аны Талас деп атайт. Ошондон тарта Талас кыргыздардын «көз карандысыз үчүн күрөшүнүн туу белгисине» айланат. Баатыр Манас мына ушундай жол менен Алтайдан Алатоого келет да, кыргыздарга Талас-тай мыкты жерди таап берет. Бирок кыргыздардын киндик каны тамган өз жерине кайра келиши менен эпос бүтпөйт. Ушуга эле окшош жолду Манас өлгөндөн кийин, анын аялы Каныкей Бухарадагы атасы Атемирге жашырын алып кеткен Манастын уулу Семетей да басып өтөт. Семетейди Каныкейдин бир тууганы Ысмайыл тарбиялап өстүрүп, анын Манастын уулу экени жашырылып айтыл-

ган эмес. Семетей 12 жашка чыкканда, анын кайсы жерде туулганы, кимдин баласы экендиги тууралуу сырды Каныкей ачып бергенден кийин, Семетей атасынын мекени Таласка жөнөйт. Каныкей уулу барчу жолдогу ар бир жерди майда-чүйдөсүнө чейин сүрөттөп айтып берет. Талас эпосто ажайып кооз жер катары сүрөттөлөт. «Манас» эпосу Ата Мекен идеясын чечмелөөдө дагы бир уруучулдук деңгээлдеги эпосторго мүнөздүү өз жер жөнүндөгү түшүнүктөн өйдө көтөрүлүп, мекен тууралуу сезимдин жаңы тереңирээк чегине жеткен, атап айтканда: Талас –бул көрктүүлүктүн символу, кыргыздардын көптөгөн муундарынын эңсеген тилегинин орундалышы. Эпостогу Мекендин образында идеалдуулук жана реалдуулук айкалышат. Идеялдуулук көбүнчө табияттын кубулуштары аркылуу, анын керемет кулпурушу, көп түрдүүлүгү, молдугу аркылуу берилет. Көп мезгил өткөндөн кийин жедеп куса болгон кыргыз эли кайра келген Талас жери мындайча сүрөттөлөт:

Жылгындуу Кеңкол, Кең Талас,
Жаткан экен жайкалып.
Жердеген адам тунбайбы
Жер соорусу турбайбы
Өзөн түзүн карасаң –
Токою бар, талы бар.
Ал токойдун ичинде,
Жан бүткөндүн баары бар...
Жылгындуу Кеңкол, Кен Талас,
Жери сонун ар кандай.
Өзөнчөдөн бөлүнүп,
Аккан тунук булагы.
Ай, жаныбар Кең Талас
Бейиштен артык сыягы...

## САЯКБАЙ КАРАЛАЕВ

Бул көп жылдар бою өз жеринен ажырап азып – тозгон кыргыз элинин жан дүйнөсүндө баккан идеалдуу, ажайып жери. Ошенткен менен мындагы идеалдуулук реалдуулукка кооздук дал келет, анткени Талас чындыгында бар жер, анда байыртадан бери кыргыздар жашаган, ал сонун, ошо-

ну менен бирге эле бир нече ирет душмандардын колунда калган азап-тозоктуу да жер.

Орус илимпозу П.Н.Берков эпостогу «келишкен Талас жергесин» даңктоону «кыргыз мекенинин шаттуу гимни, ал атуулдук сезим менен өз жери сүрөттөлгөн дүйнөлүк улуу адабияттын катарында туруута татыктуу»– деп мүнөздөйт.

Ошентип, Талас жери жеке эле кыргыз эпосунун сюжети менен эмес, ошондой эле монументтүү эпопеяны айтуучулардын тагдырлары менен байланыштуу. Бул аймакта аты бизге жетпеген көптөгөн манасчылар өткөн. Мында эпос айтуунун бай салты болгон, бирок жазылып калынган текстин жоктугунан ал салттын өзгөчөлүктөрүн айтуу кыйын. Байыркы Талас жери алигиче изилденип бүтө элек, анын көп сырлары ачылбаган боюнча турат. Буга далил катары Орхон-Энесай жазуу эстеликтеринин эң көбү (12ден ашык) мына ушул Таласта ачылганын айтууга болот. Талас руна эстеликтери – бул Энесай кыргыздарынын тарыхы, алардын жазуусунун, маданиятынын, салттарынын тарыхы менен байланыштыруучу тарыхый чыйыр. Ошондуктан, Талас аймагы кыргыздардын эпостук борбору гана эмес, ал бул элдин көптөгөн муундарынын тагдырлары кайчылашкан тарыхый аймак дагы болуп саналат.

## МАНАС АТА КҮМБӨЗҮНҮН ТАРЫХЫН БАРАКТАП

Республиканын байыркы эстеликтеринин ичинен Манастын күмбөзү кыргыз элине жана башка улуттагы боордош калктарыбызга бир кыйла белгилүү. Күмбөздүн таң калаарлык популярдуулугу – уламышта ал кыргыздын легендардык баатыры Манстын сөөгүн коюу үчүн тургузулган деп айтылгандыгында: Күмбөз Кеңкол суусунун жээгинде, азыркы Талас шаарынан 13 км аралыкта, Манастын кароол чокусу (супа тоо) деп аталган бөксө тоонун этегинде жайгашкан.

«Манастын» күмбөзү жөнүндө кабар В.В.Бартольддун «1893–1894-жылдарда илимий максат менен Орто Азияга баргандыгы жөнүндөгү отчет» деген эмгеги жарыкка чык-

кан мезгилге 1897-жылга таандык. Анда Манас жана анын уулу Семетей Актырташ чебин курушкан жана анда узакка жашашкан деген легенда келтирилген. В.В. Бартольд Манас мазар Олуя атадан (азыркы Тараз шаары) 25 чакырымдай жерде жайгашкан деп эсептейт. Бул чындыкка туура келбейт. Талас өрөөнүндөгү эстеликтерди окуп-үйрөнүүдө Олуя аталык крайтаануучу В.А.Каллаур революцияга чейинки мезгилди окуп изилдөөгө бир топ салым кошту. Ал 1898-жылы Манастын күмбөзүндөгү жазууларды көчүрмөсүн алып, аларды В.В.Бартольдго жөнөткөн, көчүрмө начар окулгандыктан, В.В.Бартольд эстелик кайсы кылымдарга таандык экендиги жөнүндөгү маалыматты так айта алган эмес.

Эстелик, Орто Азиянын ири тарых изилдөөчүсү профессор М.Е.Массон айткандай, 1907-жылы А.С.Колесникова тарабынан биринчи жолу фото сүрөткө түшүрүлүп, бирок бул сүрөт жоголуп кеткен жана эч качан жарыяланган эмес. Ошондуктан Олуяаталык фотограф Ф.И.Белдермандын 1922-жылы тарткан фото сүрөтү күмбөздүн алгачкы сүрөтү делип жүрөт.

№1 сүрөт (Күмбөздүн 1922-ж тартылган фото сүрөтү)

Ф.И.Белдерман күмбөздү 1937-1938-жылдары экинчи ирээт сүрөткө тартып алган. Айтмакчы, Ф.И.Белдермандын Манастын күмбөзүнөн тарткан сүрөттөрү мыкты, алар кыйла макалаларда жана китеп беттеринде иллюстрацияланып келе жатат.

1923-жылы «Манастын күмбөзү» Талас өрөөнүндөгү археологиялык башка эстеликтер менен бирге П.П.Иванов тарабынан изилденет. Өзүнүн 1928-жылы жарыяланган макаласында ал күмбөздүн архитектурасын баяндап жазуу менен аны XI кылымдан кеч эмес мезгилге таандык деп көрсөткөн. П.П.Ивановдун Талас өрөөнүнө барышынын маанилүү таянычы Манас күмбөзүнө илимий коомчулуктун көңүлүн бургандыгында. Ошол эле 1923-жылы күмбөз мамлекет тарабынан коргоого алынат.

Музей иштери жана байыркы искусство жана жаратылыш эстеликтерин коргоо боюнча Орто Азия комитети (средазкомтарис) тарабынан Талас өрөөнүнө командировкага жиберилген М.Е.Массон 1925-жылы күмбөздө ири иштердин комплексин жүргүзгөн.

М.Е.Массондун Талас өрөөнүнө келишине байланыш-

туу (средазкомтарис) 1927-жылы күмбөздү сүрөткө түшүрүү иши жүргүзүлүп, ошол эле жылы ал биринчи ирет жарык көргөн. Макаланын автору Б.П. Денике мурдагы изилдөөлөрдөгү маалыматтардын негизинде күмбөздүн сырткы көрүнүшүнө мүнөздөмө берет да, аны Өзгөндөгү күмбөздөргө окшоштугун белгилеп, эстеликтин курулган датасын XII кылымдын аягы деп көрсөткөн.

1934-жылы басма сөздөргө П.П.Ивановдун «Таластын баш жагынын тарыхы жөнүндөгү маселеге карата» деген макаласы жарыяланып, анда Манастын күмбөзүнүн архитектурасы тууралуу айтылуу менен эстеликтин сүрөтү да басылган.

30–40-жылдардын ортосунда Манастын күмбөзүнө зор көңүл бурула баштайт. Ал археологдор жана архитекторлор тарабынан изилденүүчү объект болуп калат.

1936-жылы «Советская Киргизия» газетасына археолог И.Чеканскийдин «Манас» деген макаласы чыгат. Бул макала республиканын көптөгөн окурмандарын «Манастын күмбөзү» менен кабардар кылат. Макалада күмбөздүн архитектурасы, анын жайгашкан жери жана 8 чакырым батыш тараптагы (Текабкет) Акдөбө шаарынын урандысы тууралуу айтылган. Күмбөздүн тургузулган мезгилин И.Чеканский так тактай алган эмес.

## КҮМБӨЗДҮН ИЧКИ БӨЛҮГҮНДӨГҮ АРХЕОЛОГИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨР

Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Советинин алдындагы Илим комитети менен Б.М.Зиманын жетекчилиги астында Кыргыз Педагогикалык институтунун археологиялык экспедициясы 1937-жылы күмбөздүн ичин казуу ишин биринчи болуп жүргүзөт.

Сүрөттө илимий экспедицияга катышкан кызматкерлер менен жергиликтүү жашоочулардын өкүлдөрү күмбөздүн алдында фото сүрөткө түшүшкөн, ал сүрөттү Талас районунун архивинен Манас музейинин илимий кызматкерлери М.Ибралиев жана А.Жунушалиевдер табышып, музейдин фондусуна өткөрүшкөн. Ошол казуу мезгилинде күмбөздүн чыгыш тарабындагы бөлүгүндө кийинчирээк

коюлган эски табыт, ал эми борбордук бөлүгүндө адамдардын ирээтсиз жаткан сөөктөрү бар кирпич табыт болгондугу аныкталат. № 3 № 6-сүрөт.

Кийинки жылы Манастын күмбөзүн СССР илимдер академиясынын Археология институтунун Александр Натанович Бернштамдын жетекчилиги астындагы Жети-Суу археологиялык экспедициясы изилдейт. Экспедиция күмбөздүн ичин экинчи ирет казууга киришет. Күмбөздүн жертаманында 1937-жылы табылган сөөктөн тышкары дагы эки жыгач табыт чыккан. № 4 № 5 № 10. Бул табыттардын деңгээлинен төмөнүрөөк дагы эки сөөк коюлган. Чыгыш тарабындагы табыт менен катар 1937-жылы изилденген батыш тарабындагы мүрзөдө кыш менен жабылган, ал эми көрдүн казанагынан он бир метр терендикте эркектин сөөгү табылган.

Антропологиялык изилдөөнүн аныктамасы боюнча бул эркек адамдын боюнун узундугу 2(эки) метрден ашыгыраак, баш сөөгү өзгөчөлөнгөн 50-60 жаш курак мезгилинде кайтыш болгон деп далилденет. Окумуштуулардын берген маалыматы боюнча бул алп мүчөлүү, өзгөчө жаралган адамдын сөөгү болгон.

Баарыбызга белгилүү Каныкейдин душмандарга «алты арамга, кайын атасы» Жакыпка моюн сунбай күмбөз салдырып, Манастын сөөгүн жашыруун, кордотпоо максатында аларды жок кылып, мүрзө казгандарды өлтүрүп, күмбөздүн ичине адамдардын сөөгүн иретсиз көмүп салган болбосун? Ал эми күмбөздүн курулушу жөнүндө Каныкей Семетейге төмөндөгүлөрдү айтат эмеспи.

«Мен Таластан кеткенде,
Белги кылбай Султандан,
Дайынсыз болуп калат деп.
Жети жүз атан кирелеп,
Дорбо, арканын ондоттум.
Жер билгич жыйып алдырдым,
Дүйнө жүзүн чалдырдым.
Анжияндын бери жагы
Кокон хандын колтугу,
Намангандын ар жагы
Күн эшен менен Чилмайдан,
Катар экөөн көргөзүп

Күн Эшендин күлбото
Күлботодон алдырдым.
Жети жүз атан кирелеп
Топурагын алдырдым,
Чоң челекке салдырдым,
Уй, эчки жүнүн кыймалап
Ак баткакка салдырдым,
Чийиндүүсүн келтирдим.
Үстүнө кылдан септирдим
Аксакал байдын баласы
Аралбайдай балбан сарт,
Алтымыш балбан кетменкор
Ылайын боо тептирдим.
Алым салдым аргынга
Алты миң эркеч жыйнадым,
Алты миңин бир кырып
Кыш кайнатып бек салдым.
Атакендин күмбөзүн
Алты кылым өткүчө
Бузулбай турсун деп салдым»...
(С.Каралаев, «Семетей»,1987ж)

Эпосто айтылгандай... Манастын туугандары Абыке, Көбөш, Чыйбыт, Кочкор, Адыбай, Көлбай алты арамдын кордугуна чыдабай Каныкей Букарага атасыныкына келгенин билебиз.

Эпосто эмчектеги баласын көтөрүп алып өз мекенине кеткен кайратуу аял Каныкей тууралуу айтылып калган. Күмбөздү Каныкей Букарага кетээрде салдырган.

## КҮМБӨЗДҮН БЕТИНДЕГИ ЖАЗУУЛАРДЫН ЧЕЧМЕЛЕНИШИ

Күмбөздүн бетиндеги арабча жазуу 1938-жылы А.М.Беленицкий, андан он бир жыл мурун 1927-жылы Жусупбек уулу Токтогазы молдо тарабынан окулган. Токтогазы молдодо мындайча чечмеленет. «Саал кадн буркенчекли» бул ишти жаңылоочусу анасы менен экөө бир (фырка) бөлүкчө болду. Ага атасы ачуу кылаардан пайдасына өтмөдү. Ушуну бүткөргөн Рапаа кадн кайгылуу болду. Бу

ой айя эмес. Каддыкы түрк каднынан. Могер (бирок) балги банин жоомарт кудай жоуй кадна кекешли тараа бойлуу көп кишилер саптүсөп жаң (согуш) кылган. Баатыр жигиттердин башчысы болгон өзүнүн огулдан эч адам намысын бербеген баатыр Манастын жайы» деп чечкен Токтогазы Жусупбек уулу. Ал эми күмбөздүн бетиндеги дагы бир жазуу геометриялык стилде жазылган куфи үлгүсүндөгү ариптер менен оюлуп түшүрүлгөн «алнмүлк» деген бир гана сөз улам кайталанат. Ал арабчадан которгондо «бийлик» дегенди түшүндүрөт. Башкача айтканда «Бийлик аллага таандык» деген аяттын сакталып калган бөлүгү болуп саналат.

Жогоруда А.М. Беленицкийдин жана молдо Токтогазы Жусупбек уулунун чечмелөөсү боюнча окшоштук жактарын анализдеп көрөлү. Эки тексте тең аялдар жөнүндө сөз болот. Биринчисинде Кянизек Хатун экинчисинде Рапаа кадн. Демек молдо менен окумуштуунун чечмелөөсүнөн бир гана сөз менен жыйынтыктап айтканда, күмбөздүн бетиндеги Кянизек Хатун жана Рапаа кадн Каныкейдин дал өзү. Манас өлгөндөн кийин баатырдын сөөгүн душмандардан сактоо, кор кылбоо максатында Каныкейдин жасаган аракети, амалдуулугу жана акылдуулугу.

Эпосто Каныкейдин Манастын аялы гана болбостон анын таянычы, сырдашы, көпчүлүк учурда бир катар иштерди өз алдынча бүтүрө билген даанышман аял экенин билебиз. Күмбөздү салдырууда Каныкейдин:

Жер билгич жыйып алдырдым
Дүйнө жүзүн чалдырдым

деген саптарында көрүнүктүү окумуштуу тарыхчы археолог Б. Урустамбеков айткандай: «Бухаралык чебер уста Маморду чакыртып салдырганы уламышта айтылат». Ошондой эле жер билгич адамдарга жер кыртышын текшертип, суунун деңгээлин билип Манастын сөөгүн он бир метр терендикте көмдүргөндүгү казуу иштеринде белгилүү болуп жатпайбы. Чынында эле Манастын күмбөзүнүн айлана-тегерегинин сууга чейинки жер кыртышы өтө терең. Буга далил Манас эпосунун 1000 жылдыгын өткөрүү боюнча даярдык көрүүдө жер кыртышын изилдөө, бургулоо иштеринде маалым болгон.



Дубалдарынын 10куб метрге кирпичтери суурулуп алынган

Кыш менен жабылган табыттагы эркектин сөөгү.





Дубалдарынын 10куб метрге кирпичтери суурулуп алынган

Кыш менен жабылган табыттагы эркектин сөөгү.





Күмбөздүн алдындагы кирпич табыт.

Жыгач табыттын көрүнүшү.





Б.М. Зиманын экспедициясынын 1937-жылы тартылган күмбөздүн сүрөтү.



Ирээтсиз жаткан жыгач табыт.

Түшүп калаган террокоталык оюулар.





Экинчи жыгач табыттын көрүнүшү.

Кирпич табытты изилдөө учуру.





Күмбөздүн ички бетинин көрүнүшү.



Бузулган терезенин көрунушу.



Фотограф Ф.И. Белдермандын күмбөздүн 1922-жылы тартылган фото сүрөтү



Комплекстин Түлөөканасы: Түлөө өткөрүүчү имарат



Тамак бышыруучу жайлар

Жайкы орундуктар





Кароол Чоку

Кароол Чокудагы Мухамбет уулу Али Дербиштин ташы



Балбал таштар









Манастын күмбөзү

1-октябрь — улгайган адамдардын күнүндө





Аккуланын акыры, Мамы таштар

Манастын төлгө ташы



Чачыкейдин ташы



Уламышка байланышкан таштар









Кароол Чокудагы петроглиф ташы





Элдик дарыгерлер борбору

Ажыбек датканын жайы



ой айя эмес. Кадндыкы түрк каднынан. Могер (бирок) балги банин жоомарт кудай жоуй кадна кекешли тараа бойлуу көп кишилер саптүсөп жаң (согуш) кылган. Баатыр жигиттердин башчысы болгон өзүнүн огулдан эч адам намысын бербеген баатыр Манастын жайы» деп чечкен Токтогазы Жусупбек уулу. Ал эми күмбөздүн бетиндеги дагы бир жазуу геометриялык стилде жазылган куфи үлгүсүндөгү ариптер менен оюлуп түшүрүлгөн «алнмүлк» деген бир гана сөз улам кайталанат. Ал арабчадан которгондо «бийлик» дегенди түшүндүрөт. Башкача айтканда «Бийлик аллага таандык» деген аяттын сакталып калган бөлүгү болуп саналат.

Жогоруда А.М. Беленицкийдин жана молдо Токтогазы Жусупбек уулунун чечмелөөсү боюнча окшоштук жактарын анализдеп көрөлү. Эки тексте тең аялдар жөнүндө сөз болот. Биринчисинде Кянизек Хатун экинчисинде Рапаа кадн. Демек молдо менен окумуштуунун чечмелөөсүнөн бир гана сөз менен жыйынтыктап айтканда, күмбөздүн бетиндеги Кянизек Хатун жана Рапаа кадн Каныкейдин дал өзү. Манас өлгөндөн кийин баатырдын сөөгүн душмандардан сактоо, кор кылбоо максатында Каныкейдин жасаган аракети, амалдуулугу жана акылдуулугу.

Эпосто Каныкейдин Манастын аялы гана болбостон анын таянычы, сырдашы, көпчүлүк учурда бир катар иштерди өз алдынча бүтүрө билген даанышман аял экенин билебиз. Күмбөздү салдырууда Каныкейдин:

Жер билгич жыйып алдырдым
Дүйнө жүзүн чалдырдым

деген саптарында көрүнүктүү окумуштуу тарыхчы археолог Б. Урустамбеков айткандай: «Бухаралык чебер уста Маморду чакыртып салдырганы уламышта айтылат». Ошондой эле жер билгич адамдарга жер кыртышын текшертип, суунун деңгээлин билип Манастын сөөгүн он бир метр терендикте көмдүргөндүгү казуу иштеринде белгилүү болуп жатпайбы. Чынында эле Манастын күмбөзүнүн айлана-тегерегинин суугa чейинки жер кыртышы өтө терең. Буга далил Манас эпосунун 1000 жылдыгын өткөрүү боюнча даярдык көрүүдө жер кыртышын изилдөө, бургулоо иштеринде маалым болгон.

## МАНАСТЫН КҮМБӨЗҮНҮН ИЧКИ БӨЛҮГҮНДӨГҮ СҮРӨТТӨР ЖӨНҮНДӨ УЧКАЙ СӨЗ

Дагы бир табышмактуу сыр күмбөздүн ички бөлүгүндөгү дубалдарынын бетинде тартылган эски сүрөттөрү жөнүндө болмокчу. Жергиликтүү карыялардын күмбөздүн ичиндеги тартылган сүрөттөр бар экендиги жөнүндө айтуусу. Бирок Манас изилдөөчү окумуштууларыбыз али күнгө чейин эмнегедир моюн толгоп, В.В.Бартольддун гана эскермесине таянышып, сүрөттүн болгондугун жокко чыгарышууда. Бул жерде В.В.Бартольддун аброюн түшүрүү деген ой болушу мүмкүн эмес, бирок кылымыбыздын башында Манастын күмбөзүнүн төбөсү урай башталганын улуу мурастагы муундар жакшы билишет. Балким ушул себептен улам В.В. Бартольд сүрөттү көрбөгөн чыгаар. Жогорудагы айтылган ойго дагы бир далил, көр оокаттын айынан төңкөрүш мезгилинде Талас жергесине жер ооду болуп келген башка улуттун өкүлдөрүнүн (чечен, орус, курд) бир тобу күмбөздүн ичин башпаанек кылып жашап калышкан. Күн суук мезгилде от жагышып жанын сактап калууга аракет жасап, оокаттарын өткөрүшкөн. Ошол себептен ышка, түтүнгө толгон күмбөздүн ичи кара үңкүргө айланып сүрөттөр жок болуп көрүнбөй калгандыр.

Эмне үчүн биздин окумуштууларыбыз жергиликтүү карыялардын айткандарына көңүл бөлбөй келишкен. Так маалыматты алуу үчүн архивдик материлдарга көз чаптырып көрөлү.

«Түркестан ведомстволору» газетасынын 1903-жылдагы № 98-санында Меркелик орус тузем мектебинин тарых мугалими Иван Андреев «Манастын күмбөзүндө» деген чакан макаласында күмбөзгө барып келгенден кийин минтип жазат:

«Манастын күмбөзүнүн ички бети адамдардын жана айбандардын жарым жартылай өчүрүлүп калган сүрөттөрү менен коздолгон, айтмакчы бул жерде кооз аттын сүрөтү бар, бул кыргыздын ишенүүсү боюнча Манастын аты Аккуланын дал өзү».

Демек, жергиликтүү аксакалдардын сөзү тегин сөз эмес экен да. ˋшул жерден эпоско кайрылууга туура болоор. Каныкей Семетейге айткан кебинде:

Кайрылып жетим келгенде.
Ичине кирип көрсүн деп,
Кызыгып тарттым сүрөткө.
Бейишке бекем алсын деп,
Атасынын жоругун.
Жетилип билип алсын деп
Белгиге тарттым сүрөттү...
...Эсен болсо жалгызым
Бул Таласка келээр деп
Ушу турган ак күмбөз
Ичине кирсе көрөр деп... – дейт.

Дагы бир күмбөз тууралуу сөз анын түштүктү карап салынып калгандыгында болмокчу. Чындыгында эле күмбөз эмне үчүн түштүк тарапты карап салынып калган деген суроо көп талаш-тартышты жаратып келет. Талас өрөөнүндө орто кылымдарга таандык Тараз, Шельджи, Сусы, Кулң жана Текабкет деген шаарлар болгондугун тарых барактарынан билебиз. Ушул шаарлар аркылуу бир убактарда соода-сатык кылган кербендер өтүшүп Текабкет (азыркы Акдөбө шаар урандысы Манастын күмбөзүнөн 8 км батыш тарапта) шаарына токтоп, соода-сатык иштерин жүргүзүп, андан соң Манастын күмбөзүнө токтошуп, куран окуп, зыярат кылып сапарын уланткан. Кербендер өтүүчү жол Талас суусун бойлоп өткөндүктөн, күмбөздү түштүк тарапты каратып салышкан деген маалымат бар. Мусулман элдеринде ыйык деп аталган жерлер (күмбөздөр мүрзөлөргө, ыйык булактарга) токтоп зыярат кылуу кеңири таралган, зыяратчы күмбөзгө бет маңдайынан барып куран окуп, артын салбай отуруп жана ушу сыяктуу ырым-жырым салттарды аткарган. Кийинчээрек күмбөздүн айлана-тегерегине өлгөн адамдардын сөөктөрү коюла баштагандыктан күмбөзгө баруучу жол түндүк тарабынан салынып калган.

Күмбөздүн айлана-тегереги майыптарды (өлгөн адамдарды) коюу жайына айланып кетиши Талас өрөөнүндө жашап жаткан элдердин Манаска болгон сый урматы деп түшүнсөк болот. Анткени кандай гана адам болбосун Манастын күмбөзүнө өзүнүн жакын адамдарынын сөөгүн коюуга аракет кылышкан. Алардын ою боюнча Манас атабыздын арбагы колдойт, бейишке чыгат деген түшүнүк көпчүлүктүн ан-сезиминде кеңири орногон.

М.Е.Массондун 1945-жылкы изилдөөсүндө ал күмбөздүн карта схемасын түшүрүп анда бул көрүстөнгө ар кайсы улуттагы элдердин сөөктөрү көмүлгөндүгүн көрсөтүп кеткен. Демек, Манастын күмбөзүнө болгон сый-урмат боордош элдердин да жүрөгүндө сакталган. Бул эстелик жөнүндөгү акыркы жарыяланган эмгектер В.Е.Нусовдун 1971-жылы жарыкка чыккан, «Кыргызстандын байыркы замандан биздин күнгө чейинки архитектурасы» деген китеби жана Б.В.Помаскиндин 1972-жылы чыккан «Манастын күмбөзү» деген атайын брошюрасы болуп саналат.

## МАНАСТЫН КҮМБӨЗҮНҮН АЛГАЧКЫ КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ ТАРЫХЫНАН

«Манастын күмбөзү» уникалдуу эстеликтердин бири. Ал алыстан ага жакындаган сайын анын айрым бөлүктөрү биринен сала экинчиси даана байкалып, мавзолейдин архитектуралык жалпы түзүлүшү бадырайып чыга келет.

Мавзолейдин өзү анчалык деле чоң имарат эмес. Анын бийиктиги 11 м, фасаддарынын ар биринин узундугу 7 м. Бирок курулуштун бүт бөлүгүнүн өтө устаттык менен пропорциялуу жасалуусунун натыйжасында күмбөз кандайдыр монументалдуу көрүнөт.

Мында кыскараак көлөмдүү пирамида мавзолейдин негизи б.а. биринчи бөлүгүн түзөт. Төрт бурчтукта орнотулган негизги экинчи бөлүм – кырдуу чатыр (купол), үчүнчү бөлүм – бет маңдайы оймо-чийме терракота оюулары менен кооздолгон мавзолейдин негизги фасады. Төрт бурчтук жана анын порталы жогорулаган сайын ичкерет да ушул себептен чатырдын кылда чокусу мавзолейдин бүтүндөй иштелип бүткөн чекити өңдүү жалпы гармонияны түзөт.

Мындай пропорциялуу гармонияны түзүү чынында эле өтө кыйын. Эгерде, мисалга, мавзолейдин чатыры бир аз бийик болгондо ал чоң көрүнүп калган бөлүгүн жаап калмак. Ал эми күмбөздүн чатыры жок болсо, мавзолей мукур болуп көрүнмөк. Ошондуктан күмбөздү курган байыркы усталар геометриялык жол менен негизги пропорциянын катышын өтө так түзүшкөн. Орто кылымдын архитектуралык эстеликтеринин ичинен бул мавзолей муну

менен гана айырмаланбайт. Күмбөздөгү дагы бир өзгөчөлүк- порталындагы жыш орнаменттер жана террокоталык оюулар. №11 сүрөт.

Терракота жалпысынан алганда бышырылган түстүү чопо, бирок биз терракота деп, кадимки чоподон жасалган орнаменттүү бышырылган плиталарды айтабыз. Мындай плиталар илгери өтө жөнөкөй жол менен жасалган. Ийленген топуракка жука жыгачтан оюулган орнаменттүү калыптарды басышкан. Чопого түшкөн оюуларды же сүрөттөрдү атайын жасалган ичке бычактын учу менен дааналаган. Мунун натыйжасында рельефтүү чуңкур оюулар пайда болгон. Анан мындай плиталарды кургатып, бышырып күмбөздү жасалгалаган.

40-жылдары окумуштуулардын арасында Манастын күмбөзүнүн орнаменттери бүтүндөй элдик прикладдык искусстводон алынган деген пикир туулган. Бирок чынында бул мындай эмес тескерисинче, мавзолейдин архитектуралык орнаменттеринин кээ бирөөлөрү элдик прикладдык искусствого көчүрүлгөн десек туура болот.

Мисалга мавзолейдин порталындагы сүрөттөр төрт бурчтук түрүндө жасалып ийри-буйру жылмакай көркөм фонду түзөт. Бул өндүү орнамент сөзсүз архитектуралык мүнөздө болгон. Байыркы сепилдердин дубалдарын, кирпичтерди ийри-буйру кылып тизүү менен курушкан. Бул жерде да «П» түрүндө жасалган рамадагы оймо-чиймелер кийиздеги традициялуу оюулардан кабыл алынган сыяктуу.

Чынында эле күмбөздүн порталы өтө кылдат оймолонуп, чебер жасалган. Орто кылымдардагы көпчүлүк мавзолейлердин порталдары (оймо-чийме) техникалык жактан өтө жогорку деңгээлде иштелсе да, Манастын күмбөзүндөгү портал салттык ыкмалардан четтеп, аны коздоодо архитектуралык көркөм искусствонун каражаттары көбүрөөк пайдаланылып, порталдын архитектуралык бөлүктөрү дээрлик терракоталык оюулар түшүрүлгөн орнаментүү плиталар менен коздолгон.

Чынында порталдын асты панель. Ал күмбөзгө кире бериш эшиктин айланасындагы «П» түрүндөгү раманы кармайт. Төмөнкү эки катар плитка окшош оюу-чийүү менен коздолуп, рама менен бекитилгендиктен кооз көрүнөт.

Манастын күмбөзүн коздоодогу мындай көркөм өзгө-

чөлүк, аны Орто Азиядагы эң мыкты эстеликтердин катарына кошот. Күмбөздү кайра калыбына келтиргенге чейин анын порталындагы жогорку кырынан бир метрчеси урап, терракоталык оюу түшүрүлгөн плиталардын 1/3 гана сакталып, чатыры түшүп, каптал дубалдарынын 10 куб метрче кирпичтери суурулуп алынган. № 8 сүрөт. Күмбөздүн үстүндөгү кирпичтери жамгыр, шамалдан желип, формасыз массага айланган. Каптал фасадындагы аркасынан оюктары урап, саландап, терезелер бузулган. № 12 сүрөт. Мавзолейге кирүүчү эшик да өтө ураган. Мавзолейге жарык берүүчү эшиктин үстүндөгү оюк да кыш менен бүтөлгөн. Ал эми порталдын капталындагы тирөөчтөрдүн ортодогу гана бөлүктөрү сакталып калган.

Реставрациялык мастерскойдо күмбөздү калыбына келтирүү боюнча архитектор В.Е.Нусовдун 1961-жылы түзгөн долбоору бар болгон. Бул өз учурунда жарамдуу проект болсо да, 1968-жылы республикабызда реставрациялоочу мастерской ачылганга чейин эле эскирип калган. Анын үстүнө эстелик да жылдан жылга тездик менен бузула баштаган. 1961-жылга дейре мавзолей да толугу менен изилденип бүтө элек болучу. Ошондуктан, 1961 жылдагы долбоордун негизги максаты – айрым бузулган бөлүктөрдү реставрациялоо менен кээ бир кирпичтердин коюлуш сыры али белгисиз болгон бөлүктөрүн бекемдөө болучу.

Реставрациялоочу мастерской адегенде эле күмбөздү толугу менен калыбына келтирүү максатын алдыга коюп, оюу салынган терракоталык плиталарды-порталдарды бузулуудан сактоочу же бекемдөөчү башка эч кандай материалдар алмаштыра албайт деген жыйынтыкка келди. Эгерде күмбөздү консервациялоодо терракоталык плиталар салынбаган жерлер болсо, ал жылмакай өтө суз болуп күмбөздүн эстетикалык көрүнүшүн төмөндөтмөк. Ошондунтан порталдарды толугу менен калыбына келтирүүдө эстеликти кайрадан дагы толугураак изилдөө зарыл болду.

Күмбөздүн байыркы конструкциясын бузуудан толук сактай турган чатырды реконструкциялоо үчүн мүмкүн болушунча материал табуу керек эле. Кыргыз ССРинин маданият министерствосунун алдындагы атайын илимий реставрациялоочу өндүрүш мастерскою 1968-жылы жазында Манастын күмбөзүн изилдей баштайт да, ошол эле жылдын күз айларында жемиштүү жыйынтык чыгарууга

мүмкүн болот. Бул күмбөздүн чатырынын куполу боюнча биринчи табылга жаңы материал болчу. 1945-жылы эле күмбөздү Г.А.Пугаченкова жана М.Е.Массон тарабынан изилдөө учурунда бир жак бети 60° жантая жонулган кирпичтер табылган. Бул бар болгону күмбөздүн кумпасынан калган бөлүктөр эле. Кумпаны ушул кезге чейин сакталган жылдыз түрүндөгү алкак кармап турган. Алкактын (барабандан) диаметри 6,4 м. Кирпичтердин жонулган бурчу алардын бурчтарынын 60°ка биригишкенин айкындап турган. Демек, күмбөздүн чатыры капталынан алганда узундугу 6,4 м тең жактуу үч бурчтукту түзөт. Мындай үч бурчтуктун бийиктиги 5,6 м болгон.

Күмбөздүн кумпасы жөнүндөгү пикир, окумуштуу Г.А.Пугаченкованын расчетунун туура экендигин далилдеди. Чатырдын кылда учунун негизинин диаметри 64 см, ал эми анын бийиктиги 54 см болгон, башкача айтканда чамгарактын катышы чатырдын жалпы катышынан 10 эсе кичине болгон.

Күмбөздүн кумпасынын сыныктары адегенде эле табылбагандыгы бир аз кемчиликке байланыштуу болгон. Археологдор күмбөздүн батыш жак секторун контролдук участок катарында калтырып, калган үч тарабына изилдөө жүргүзүшкөн. Чынында чатырдын кумпасынын калдыктарын батыш сектордон изилдөө керек болучу. Күмбөздүн чыгыш жагы тоого ыктай болгондуктан, жаан-чачын күмбөздүн батыш жагын көбүрөөк бузган. Демек, күмбөздүн чатырынын алды батыш тарабынан бузулуп, чатыр ошол тарапты көздөй жыгылган. Ошондуктан контролдук участокту тазалоо учурунда чатырдын кумпасынын бул жерден табылышы реставрациялоочулар күткөндөй эле болду.

Экинчи бир баалуу табылга капталдарына орнамент салынган кирпичтердин чыгышы болду. Мында кирпичтер алкактан чатырга өтүүчү жерди коздоо үчүн гана колдонулгандай. Ошентип, күмбөздүн чатырын алгачкы калыбындай реконструкциялоо мүмкүн болду.

Күн тартибинде күмбөздүн чатырынын кумпасын реконструкциялоо маселеси турса да, муну иштөөдө зарыл болгон дагы бир шарт бар эле, башкача айтканда, чатыр жайгаша турган четвериктин түпкү конструкциясынын бекем эместигин эске алуу зарыл эле. Ошондуктан күмбөздүн

жаңы чатыры мурунку салмагынан бир канча жеңил болуусу тийиш болучу. Күмбөздүн чатырын реконструкциялоодо бетине жука бетон төшөлгөн бадыракай темир плиталар сунуш кылынды. Жука төшөлгөн бетонго чатырдын сыртынан капталуучу байыркы плиталардын формасын так өзүндөй кылып жасалган плиталарды бекитүү пландаштырылган. Бул жаңы жасала турган плиталар байыркы плиталардан эки эсе жука боууга тийиш эле.

1969-жылы чатырдын темир каркасы кайрадан ондолгон барабанга (алкакка) бетон менен бекитилди да, 1970-жылы жайында ал байыркы плиталардын үлгүсү менен жасалган плиталар менен капталды.

Чатырды плиталар менен каптап чыгуу жумушу ушуну менен толук аяктады. Эми күмбөздү калыбына келтирүү жумушунун башталышы фундаментти бетон менен ширетүү жана фасаддардагы бөлүнгөн жерлерин бекемдөө менен башталды.

1969-жылы жаз айларында күмбөздүн мурунку кирпичтери анализделди да жайында реставрациялоочу мастерской жаңы кирпичтерди жасап чыгара баштады. Мурунку жасалган кирпичтеринин анализинде чындыгында эле майдын жана малдын кылдары бар экендиги далилденди. Демек, бул сапатту кирпичтер арадан бир канча кылым өтсө да, жаратылыштын ар кандай кубулуштарына туруштук берип, ушул күнгө чейин жеткендиги таң калтырбай койбойт. Муну менен бирге байыркы технология боюнча терракотикалык плиталар да даярдалды. Ылайды адегенде ачык жерде желдетип, аны анан кайрадан чөөттө нымдап, ылай атайын жасалган ящикчеде калтырылды. Мунун негизинде ылай укмуштуудай жумшак жана чоюлма болот. Бул ылайдан жасалган нерселер да өтө бышык болду. Реставрациялык мастерской тарабынан жасалган оймо терракота плитанын ар квадрат сантиметри 350 кг басымга туруштук бере тургандыгын эске алсак, чоподон жасалган буюмдардын эң сонун көрсөткүчү болуп эсептелет.

Эски терракота плиталардын оюуларынын формалары адегенде калькага түшүрүлүп, калькканын негизинде анын чиймелери 8% чоңойтулуп, анан бул сүрөттөрдүн негизинде калыптар даярдалды. Байыркы терракоталардын көлөмүнөн эч айырмасы жок болуп калды.

Терракота плиталары менен даярдоо мезгилинде күм-

бөздү изилдөө да улантылып, терракоталарды мантаждоонун байыркы технологиясы белгилүү болду.

Эстеликтин оңдолгон жерлери мурункусунан айырмаланат деп күтүлгөн эле. Анткени, терракоталык плиталар адегенде ушундай байкалган. Бирок жарым жыл өтпөй плиталар оңуп, байыркы плиталардан айырмаланбай калды. Келечекте балким байыркы плиталар менен бул жасалган плиталарда айырма такыр байкалбай, муну так ажыратуу үчүн адистер тарабынан атайын комплекстүү иштер жүргүзүлүүгө тийиш болот го деген ойдобуз. Ырас эле күмбөздүн пайдубалы жок, ал 24×23 см келген таштар менен көтөрүлгөн. Дубалдары 23×25,5 см жана 25×25 см келген бышкан кыш менен тургузулган. Кыштардын арасы алебастр аралашкан ылай менен кынатылган. Күмбөздүн төрт чарчы имаратынын (ичи 4,38 м × 4,48 м) туурасынан калыңдыгы 1,18 м ден × 1,36 м. Бетинде оймо чиймелердин15 түрү бар. Ал кыргыздардын орнаменттерине кирип, күмбөзгө кеңири пайдаланылган.

Байыркы архитектуранын эң сонун эстелиги болгон күмбөздү реставрациялоону П.С.Факторовичтин жетекчилиги алдындагы атайын илимий реставрациялоочу өндүрүш мастерскоюнун коллективи жүргүздү. Калыбына келтирүү жумуштарын жумушчу реставраторлордун тобу, мастер реставраторлор: Н.Т.Просовский жана М.С.Макаров, П.И.Копарев, А.И.Дмитренко ж.б. катышкан. Реставрациялоодо илимий жетекчиликти Б.В.Помаскин алып барды.

## КҮМБӨЗДҮ ЭКИНЧИ ИРЕТ КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ

1993-1994-жылдары Манастын күмбөзүн экинчи ирет реставрациялоо долбоору сунушталып, бул долбоорду өткөрүү үчүн Бишкек тарыхый-маданий эстеликтерди реставрациялоочу «Кыргызреставрация» бирикме өз ишин баштады. Алгач күмбөздүн 1970-жылдан берки абалы текшерилип, толук анализделип, аткаруучу жумуштар боюнча план түзүлдү. Күмбөздүн өзгөчө жабыр тарткан бөлүгү күн батыш тарабынан үстүңкү катмары белгиленди. Жаандын жааган нөшөрүнөн кирпичтердин арасына суу кирип, бириндеп кеткен. Ал эми төмөнкү катмары да жаандын суусунан улам кирпичтер жешилип, сапатын жогото башта-

ган. Реставраторлордун алгачкы жумушу болуп ошол суу нымдуулугунан жапа чеккен кирпичтерин алып, жаңы үлгүдөгү сапаттуу кирпичтерди коюудан баштаган. Дагы бир негизги жумуш күмбөздүн кумпасын кээ бир ураган жерин оңдоо жана суу кирбей турган кылып үстүн жабуу болду. Бул ишти жетекчилик кылган Ж.Садыбакасовдун бригадасы эң жогорку сапаттагы реставратор, мастерлер менен бирдикте алдыдагы «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесине карата, реставрациялоонун илимий жетекчилигин биринчи реставрацияга катышкан тарыхчы археолог Б.В.Помаскин алып барды.

Манастын күмбөзүн толук реставрациялоо 2005-жылы улантылып, мурунку 1993–94 жылдардагы реставрациядан кетирилген кемчиликтерди четтетүү болгон. Күмбөздүн үстүнкү бөлүгүндөгү кирпичтерине түшүп жаткан сууну токтотуу үчүн, темир листер менен жабуу иштери аткарылган. Жалпы жетекчиликти Кыргыз реставрациясынын мастер реставратору Ж.Садыбакасов жүргүзүп, ал ишти аткарууда комплекстин курулуш бригадасын көп жылдардан бери жетектеп келген маркум Аязбек Алиевдин эмгеги зор.

Азыркы учурдагы белгилүү манасчыбыз Уркаш Мамбеталиев:

– Оозунан Кеңкол тоонун аңгыраган,
Оо десе кош үн чыгып шаңгыраган.
Атабыз эр Манастын күмбөзү ушу,
Күн карап ак сарайдай заңгыраган – деп ырдагандай Манастын күмбөзү кылым карытып заңгырайт.

## МАЗМУНУ

Таазим кылып Манаска, элдер келет Таласка .......... 3
Саякбай Каралаев .......................................... 6
Манас ата күмбөзүнүн тарыхын барактап .................. 7
Күмбөздүн ички бөлүгүндөгү археологиялык изилдөөлөр .......................................... 9
Күмбөздүн бетиндеги жазуулардын чечмелениши ......... 11
Манастын күмбөзүнүн ички бөлүгүндөгү сүрөттөр жөнүндө учкай сөз .......................................... 13
Манастын күмбөзүнүн алгачкы калыбына келтирүү тарыхынан .......................................... 15
Күмбөздү экинчи ирет калыбына келтирүү ................. 20

**М. Ибралиев, А. Жунушалиев**

**МАНАСТЫН КҮМБӨЗҮ**

Техн. ред. *Ж. Жолдошева*
Текстти компьютерге терген: *Салия Жунусова*
Сүрөттөрүн тарткан жана даярдаган: *Асан Жунушалиев*
Корректору *С. Карамолдоева*

Басууга 18.01.08 кол коюлду. Кагаздын форматы $84 \times 108^{1}/_{32}$.
Көлөмү 1,5 басма табак + 0,5 басма табак баттама.
Нускасы 100 экз.

ЖЧК «Гүлчынар» басмаканасында басылды
Бишкек ш., Токтогул көчөсү 106